$$\bar{A} = \frac{1}{n}\sum_{i=1}^{n}\frac{y - \hat{y}}{y} \cdot 100\,\%.$$

аткарылат. Бул чоңдуктардын маанилери канчалык кичине болсо, регрессия теңдемеси берилген байкоону мыкты чагылдырган болот.

Эгерде аппроксимациянын орточо каталыгы 10-12 пайыздан жогору болбосо, анда түзүлгөн регрессия теңдемеси канаатандырарлык деп эсептелинет.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Эконометрикалык моделди түзүүнүн негизги этаптарын атагыла.
2. Регрессия теңдемесин түзүүнүн этаптарын атагыла.
3. Регрессия теңдемесин сапатка жана тактыкка баалоо процессин мүнөздөгүлө.

## *5-лекция (2 саат) Регрессия теңдемесин баалоо*

- Регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо
- Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо
- Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин тактыгын баалоо
- Ийкемдүүлук коэффициенти

### Регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо

Баалоо Фишердин F-критерийинин жардамында төмөнкү алгоритмдин жардамында жүргүзүлөт:

1) регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгү жөнүндөгү H0 нөлүнчү гипотезасы каралат;

2) F-критерийинин фактылык мааниси F*факт* эсептелинет жана F*крит* аныкталат;

3) F*факт* > F*крит* шарты текшерилет. Эгерде бул шарт аткарылса, анда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү деп эсептелинет, карама-каршы учурда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү эмес деп кабыл алынат.

F*факт* төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$F_{\hat{o}\grave{a}\hat{e}\grave{o}} = \frac{R^2}{1 - R^2} \cdot \frac{n - p - 1}{p},$$

мында, *n* – байкоонун саны, *p* – экзогендик (көз каранды эмес) өзгөрүлмөлөрдүн саны, жуп регрессия үчүн *p=1*.

F*крит* маанисин атайын таблицанын жардамында табабыз:

$$k_1 = p, k_2 = n - p - 1.$$

### Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо

Баалоо Стьюденттин t-критерийиинин жардамында жүргүзүлөт:

1) регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгү жөнүндөгү H0 нөлүнчү гипотезасы каралат;

2) t-критерийинин фактылык мааниси t*факт* эсептелинет жана t*крит* аныкталат;

3) t*факт* > t*крит* шарты текшерилет. Эгерде бул шарт аткарылса, анда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү деп эсептелинет, карама-каршы учурда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү эмес деп кабыл алынат.

$t_{b,\text{факт}}, t_{a,\text{факт}}$ төмөнкү формулалар боюнча эсептелинет:

$$t_{b,факт} = \frac{b}{s_b}; \quad t_{a,факт} = \frac{a}{s_a},$$

мында, $S_a, S_b$ – регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин стандарттык каталыктары.

t*крит* атайын таблицанын жардамында табылат:

$$t_{крит} = t_{1-\alpha,n-2}, \qquad k = n - p - 1.$$

**Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин тактыгын баалоо**

Баалоо регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин стандарттык каталыктары аркылуу жүргүзүлөт:

$$s_b = \sqrt{\frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2/(n-2)}{\sum_{i=1}^{n}(x_i - \bar{x})^2}} = \sqrt{\frac{s_{ост}^2}{\sum(x-\bar{x})^2}} = \frac{s_{ост}}{\sigma_x\sqrt{n}},$$

$$s_a = \sqrt{\frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2}{(n-2)} \cdot \frac{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}{n\sum_{i=1}^{n}(x_i - \bar{x})^2}} = \sqrt{s_{ост}^2 \frac{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}{n^2\sigma_x^2}} = s_{ост}\frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n} x_i^2}}{n\sigma_x},$$

мында,

$$s_{ост}^2 = \frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2}{(n-2)}.$$

**Ишенимдүү интервалдарды түзүү**

Жогорудагы баалоолорго кошумча түрдө ишенимдүү интервалдарды түзүү зарыл. $P = 1 - \alpha$ ыктымалдуулугу менен берилген көрсөткүчтүн так мааниси жаткан пределдер ишеримдүү интервалдар деп аталышат. Сызыктуу регрессиянын теңдемесинин $\tilde{a}$ жана $\tilde{b}$ параметрлеринин ишенимдүү интервалдары төмөнкүдөй аныкталышат:

$$a - t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_a < \tilde{a} < a + t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_a; \quad b - t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_b < \tilde{b} < b + t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_b$$

Эгерде ишенимдүү интервалга нөл саны да кирсе, б.а. төмөнкү интервал терс, ал эми жогорку интервал оң болсо, анда бааланып жаткан параметрдин мааниси нөл деп кабыл алынат.

**Ийкемдүүлүк коэффициенти**

Экономикалык изилдөөлөрдө “ийкемдүүлүк коэффициенти” (Э) деп аталган көрсөткүч кеңири колдонулушка ээ. Ал төмөнкү формула аркылуу эсептелинет:

$$Э = f'(x)\frac{x}{y}.$$

Сызыктуу регрессия үчүн ийкемдүүлүк коэффициенти: $Э = b\frac{x}{y}$.

Ал $x$ өзгөрүлмөсүнөн көз каранды болгондуктан, $\bar{Э} = f'(\bar{x})\frac{\bar{x}}{\bar{y}} = b\frac{\bar{x}}{\bar{y}}$. деп алабыз.

Ийкемдүүлүк орточо коэффициенти эмнени көрсөтөт: $x$ фактору өзүнүн номиналдык маанисинен 1%ке өзгөргөндө, $y$ жыйынтыктоочу өзгөрүлмөсүнүн мааниси канчалык өзгөрөөрүн көрсөтөт.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгү кантип бааланат?
2. Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгү кантип бааланат?
3. Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин тактыгы кантип бааланат?
4. Ийкемдүүлук коэффициенти эмнени аныктайт?

**6-лекция (2 саат)**

- Сызыктуу эмес регрессия теңдемелери
- Сызыктуу эмес регрессия теңдемелерин сызыктууга келтирүүнүн жолдору

Регрессиянын тедемеси сызыктуу жана сызыктуу эмес болуп бөлүнүшөт.

Регрессиянын эң көп колдонулган моделдери:

1) сызыктуу $\hat{y} = a + bx$;

2) даражалуу $\hat{y} = a * x^{\ b}$ ;

3) логарифмдик $\hat{y} = a_0 + b * lnx$;

4) гиперболикалык$\hat{y} = a + \frac{b}{x}$;

5) экспоненциалдык $\hat{y} = e^{a_0 + b * lnx}$.

Бул моделдердин сызыктуу моделин окуп үйрөндүк. 2-5-моделдер сызыктуу эмес моделдер болушат. Сызыктуу эмес моделдер алгач сызыктууга келтирилип алынат, ал үчүн өзгөрүлмөлөрдү өзгөртүп алуу колдонулат. Сызыктуу эмес моделдер сызыктууга келтирилгенден кийин “Эң кичинекей квадраттар” методу колдонулат.

**Гиперболикалык регрессия:** $y_x = a_0 + a_1 / x$. Мында, $x' = 1/x;\ y' = y$. өзгөртүп түзүүсү колдонулат.

$$\begin{cases} na + b\sum \frac{1}{x} = \sum y, \\ a\sum \frac{1}{x} + b\sum \frac{1}{x^2} = \sum y \frac{1}{x}. \end{cases}$$

$$a_0 = \frac{1}{n}\sum y - \frac{1}{n}a_1 \sum \frac{1}{x}, \qquad a_1 = \frac{n\sum \frac{y}{x} - \sum \frac{1}{x}\sum y}{n\sum \frac{1}{x^2} - \left(\sum \frac{1}{x}\right)^2}.$$

**Экспоненциалдык регрессия:** $y_x = e^{a_0 + a_1 x}$ .

Мында, $x' = x;\ y' = lny$. өзгөртүп түзүүсү колдонулат.

$$a_0 = \frac{1}{n}\sum \ln y - \frac{1}{n}a_1 \sum x, \qquad a_1 = \frac{n\sum x \ln y - \sum x \sum \ln y}{n\sum x^2 - (\sum x)^2}.$$

**Даражалуу функция:** $y_x = a_0 \times x^{a_1}$, $(a_0 > 0)$.

Мында, $x' = ln\,x;\ y' = ln\,y$. өзгөртүп түзүүсү колдонулат.

$$\ln a_0 = \frac{1}{n}\sum \ln y - \frac{1}{n} a_1 \sum \ln x, \qquad a_1 = \frac{n\sum(\ln x \cdot \ln y) - \sum \ln x \sum \ln y}{n\sum(\ln x)^2 - (\sum \ln x)^2}.$$

**Көрсөткүчтүү функция:** $y_x = a_0 \times a_1^x$.

Мында, $x' = x;\ y' = \ln y$. өзгөртүп түзүүсү колдонулат.

$$\ln a_0 = \frac{1}{n}\sum \ln y - \frac{1}{n} \ln a_1 \sum x, \qquad \ln a_1 = \frac{n\sum x \ln y - \sum x \sum \ln y}{n\sum x^2 - (\sum x)^2}.$$

**Логарифмдик функция:** $y_x = a_0 + a_1 \ln x$.

Мында, $x' = \ln x;\ y' = y$. өзгөртүп түзүүсү колдонулат.

$$a_0 = \frac{1}{n}\sum y - \frac{1}{n} a_1 \sum \ln x, \qquad a_1 = \frac{n\sum \ln x \cdot y - \sum \ln x \sum y}{n\sum(\ln x)^2 - (\sum \ln x)^2}.$$

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Кандай теңдемелер сызыктуу эмес регрессия теңдемеси болушат?
2. Сызыктуу эмес теңдемелер кантип сызыктууга келтирилет?
3. Ар бир сызыктуу эмес теңдемени сызыктууга келтирүүдө колдонулуучу өзгөртүп түзүүлөрдү көрсөткүлө.

***7, 8-лекция (4 саат)***

- Бир нече регрессия тууралуу түшүнүк
- Бир нече регрессияны түзүүдө факторлорду талдоо
- Регрессия теңдемесинин формасын тандоо
- “Эң кичинекей квадраттар” методу

**Бир нече регрессия тууралуу түшүнүк**

Бир нече көз каранды эмес өзгөрүлмөлөрдүн байланыш теңдемеси болгон $y = f(x_1, x_2, \ldots, x_p)$ көрүнүшүндөгү теңдеме **бир нече регрессия** (татаал регрессия) деп аталат, мында $y$ – көз каранды өзгөрүлмө, $x_1, x_2, \ldots, x_p$ – көз каранды эмес өзгөрүлмөлөр (факторлор).

Көпчүлүк экономикалык процесстерди изилдөөдө жыйынтыктоочу $y$ өзгөрүлмөсүнө эң күчтүү таасир эткен бир гана факторду бөлүп алуу өтө татаал болот. Ушул кезде моделге киргизилүүчү бир нече факторлорду кароого зарылдык келип чыгат.

***Бир нече регрессиянын негизги максаты***: ар бир факторду жеке түрдө, о.э. биргеликте чогуу моделденип жаткан көрсөткүчкө тийгизген таасирлерин аныктоо менен көп сандагы факторду кармаган моделди түзүү.

**Маселенин коюлушу:** $n$ байкоонун жыйынтыгы төмөнкү таблицанын жардамында берилсин:

| | $y$ | $x_1$ | $x_2$ | ... | $x_p$ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | $y_1$ | $x_{11}$ | $x_{21}$ | ... | $x_{p1}$ |
| 2 | $y_2$ | $x_{12}$ | $x_{22}$ | ... | $x_{p2}$ |
| ... | ... | ... | ... | ... | ... |
| $n$ | $y_n$ | $x_{1n}$ | $x_{2n}$ | ... | $x_{pn}$ |

Анда, $y$ жана $x_j, (y_i, x_{ji})\ j = 1,2, \dots, p; i = 1, \dots, n$ өзгөрүлмөлөрүнүн биргеликте өзгөрүшүнө карата берилген байкоонун жыйынтыгын эң мыкты мүнөздө баяндап туюнткан $\hat{y} = f(x_1, x_2, \dots, x_p)$ аналитикалык көз карандылыгын аныктоо зарыл.

Жөнөкөй регрессия учурундагыдай эле, татаал регрессиянын теңдемесин түзүү төмөнкү этаптарды өз ичине камтыйт:

- моделдин тибин аныктоо;
- тандалган моделдин параметрлерине баа берүү.

Моделдин тибин аныктоодо төмөнкү эки маселени чечүүгө туура келет:

- $y$ өзгөрүлмөсүнө күчтүүрөөк таасирин тийгизген $x_j, j = 1,2, \dots, p$ факторлорун тандоо;
- $\hat{y} = f(x_1, x_2, \dots, x_p)$ регрессия теңдемесинин көрүнүшүн тандоо.

**Бир нече регрессияны түзүүдө факторлорду тандоо**

“Татаал регрессиянын теңдемесине кайсы факторду же факторлордун тобун кийирүү керек?” деген суроого жооп табуу максатында изилдөөчү моделденип жаткан көрсөткүчтүн башка экономикалык көрүнүштөр менен болгон өз-ара табигый байланыштарын окуп-үйрөнүп чыгуусу тийиш.

Татаал регрессиянын теңдемесине кийирилүүчү факторлор төмөнкү талаптарга жооп бериши зарыл:

1. Факторлор өз-ара корреляцияланбаган болушу зарыл.
2. Татаал регрессиянын теңдемесине кийирилүүчү факторлор көз каранды өзгөрүлмөнүн вариациясына өтө чоң таасирин бериши зарыл. Б.а. моделге кийирилүүчү факторлор статистикалык маанигээ ээ болушуп жана моделдин сапатынын көрсөткүчүн жогорку деңгээлде жакшыртышы зарыл.

Факторлорду тандоо сапаттуу теориялык-экономикалык анализдин негизинде жана төмөнкү эки стадияда жүзөгө ашырылат:

- биринчи стадияда факторлор коюлган маселенин мазмунуна жараша тандалат;
- экинчи стадияда статистикалык критерийлер колдонулат.

Факторлордун өз-ара корреляциясынын деңгээлин корреляциянын сызыктуу коэффициентинин жардамында аныктайбыз, мында эгерде $r_{x_i x_j} \geq 0{,}8$, шарты аткарылса, анда бул өзгөрүлмөлөр өтө күчтүү корреляцияланган болушат жана коллинеардуу өзгөрүлмөлөр деп аталышат. Регрессия теңдемесине коллинеардуу болгон өзгөрүлмөлөрдүн

бирөөсү гана кийирилет, мында башка факторлор менен байланышы мүмкүн болушунча кичине болгон фактор тандалат.

Коллинеардуу болгон өзгөрүлмөлөрдү кыскарткандан кийин факторлорду жыйынтыктоочу белгиге (көз каранды өзгөрүлмөгө) тийгизген таасирлери боюнча тандоо жүргүзүлөт. Мында эң кеңири колдонулган методдор: кыскартуу методу жана кийирүү методу. Регрессиянын теңдемесине Стьюденттин критерийинин жардамында текшерилген статистикалык маанилүү гана факторлор кийирилет.

**Регрессия теңдемесинин формасын тандоо**

Моделдин тактыгынан дагы башка моделге керектүү сапаттар: моделдин жөнөкөйлүгү жана моделдин параметрлеринин көргөзмөлүү интерпретациялануу мүмкүнчүлүгүнүн болушу. Ошондуктан, сызыктуу жана даражалуу моделдер эң көп колдонулушка ээ.

Сызыктуу татаал регрессия теңдемеси: $\hat{y}_x = a + b_1 \cdot x_1 + b_2 \cdot x_2 + \ldots + b_p \cdot x_p$ .

Даражалуу татаал регрессия теңдемеси: $\hat{y}_x = a \cdot x_1^{b_1} \cdot x_2^{b_2} \cdot \ldots \cdot x_p^{b_p}$ .

**Татаал регрессия теңдемесинин параметрлерин баалоо**

Татаал регрессия теңдемесинин параметрлерин баалоодо “Эң кичинекей квадраттар” методу колдонулат.

**Регрессиянын түзүлгөн моделинин сапатын жана тактыгын баалоо**

Регрессиянын түзүлгөн моделинин сапатын баалоо R-корреляциянын индексинин же $R^2$- детерминациянын коэффициентинин жардамында аткарылат. Сызыктуу регрессия үчүн $R^2 = r_{xy}^2$ жана $0 \leq R^2 \leq 1$.

$R^2$ канчалык бирге жакын сан болсо, анда регрессия теңдемеси ошончолук жогорку деңгээлде берилген байкоолорду туюнтат. Эгерде R=1 болсо, анда $\hat{y} = f(x)$ функционалдык болуп, берилген байкоону толугу менен канааттандырат.

Регрессиянын түзүлгөн моделинин тактыгын баалоо орточо квадраттык каталык аркылуу

$$\varepsilon_{кв} = \sqrt{\frac{\sum_{i=1}^{n} (\hat{y}_i - y_i)^2}{n}}$$

же аппроксимациянын орточо каталыгы аркылуу

$$\bar{A} = \frac{1}{n} \sum_{i=1}^{n} \frac{y - \hat{y}}{y} \cdot 100\,\%.$$

аткарылат. Бул чоңдуктардын маанилери канчалык кичине болсо, регрессия теңдемеси берилген байкоону мыкты чагылдырган болот.

Эгерде аппроксимациянын орточо каталыгы 10-12 пайыздан жогору болбосо, анда түзүлгөн регрессия теңдемеси канаатандырарлык деп эсептелинет.

**Регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо**

Баалоо Фишердин F-критерийинин жардамында төмөнкү алгоритмдин жардамында жүргүзүлөт:

1) регрессия теңдемесинин статистикалык маанилүүлүгү жөнүндөгү H0 нөлүнчү гипотезасы каралат;

2) F-критерийинин фактылык мааниси F*факт* эсептелинет жана F*крит* аныкталат;

3) F*факт* > F*крит* шарты текшерилет. Эгерде бул шарт аткарылса, анда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү деп эсептелинет, карама-каршы учурда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү эмес деп кабыл алынат.

F*факт* төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$F_{ôàêò} = \frac{R^2}{1-R^2} \cdot \frac{n-p-1}{p},$$

мында, $n$ – байкоонун саны, $p$ – экзогендик (көз каранды эмес) өзгөрүлмөлөрдүн саны, жуп регрессия үчүн $p=1$.

F*крит* маанисин атайын таблицанын жардамында табабыз:

$$k_1 = p, k_2 = n - p - 1.$$

**Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгүн баалоо**

Баалоо Стьюденттин t-критерийиинин жардамында жүргүзүлөт:

1) регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин статистикалык маанилүүлүгү жөнүндөгү H0 нөлүнчү гипотезасы каралат;

2) t-критерийинин фактылык мааниси t*факт* эсептелинет жана t*крит* аныкталат;

3) t*факт* > t*крит* шарты текшерилет. Эгерде бул шарт аткарылса, анда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү деп эсептелинет, карама-каршы учурда регрессия теңдемеси статистикалык маанилүү эмес деп кабыл алынат.

$t_{b,факт}$, $t_{a,факт}$ төмөнкү формулалар боюнча эсептелинет:

$$t_{b,факт} = \frac{b}{s_b}; \quad t_{a,факт} = \frac{a}{s_a},$$

мында, $S_a, S_b$ – регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин стандарттык каталыктары.

t*крит* атайын таблицанын жардамында табылат:

$$t_{крит} = t_{1-\alpha,n-2}, \qquad k = n - p - 1.$$

**Регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин тактыгын баалоо**

Баалоо регрессия теңдемесинин коэффициенттеринин стандарттык каталыктары аркылуу жүргүзүлөт:

$$s_b = \sqrt{\frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2/(n-2)}{\sum_{i=1}^{n}(x_i - \overline{x})^2}} = \sqrt{\frac{s_{ocm}^2}{\sum(x-\overline{x})^2}} = \frac{s_{ocm}}{\sigma_x\sqrt{n}},$$

$$s_a = \sqrt{\frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2}{(n-2)} \cdot \frac{\sum_{i=1}^{n}x_i^2}{n\sum_{i=1}^{n}(x_i - \overline{x})^2}} = \sqrt{s_{ocm}^2 \frac{\sum_{i=1}^{n}x_i^2}{n^2\sigma_x^2}} = s_{ocm}\frac{\sqrt{\sum_{i=1}^{n}x_i^2}}{n\sigma_x},$$

мында,

$$s_{ocm}^2 = \frac{\sum_{i=1}^{n}(\hat{y}_i - y_i)^2}{(n-2)}.$$

## Ишенимдүү интервалдарды түзүү

Жогорудагы баалоолорго кошумча түрдө ишенимдүү интервалдарды түзүү зарыл. $P = 1 - \alpha$ ыктымалдуулугу менен берилген көрсөткүчтүн так мааниси жаткан пределдер ишеримдүү интервалдар деп аталышат. Сызыктуу регрессиянын теңдемесинин $\tilde{a}$ жана $\tilde{b}$ параметрлеринин ишенимдүү интервалдары төмөнкүдөй аныкталышат:

$$a - t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_a < \tilde{a} < a + t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_a; \quad b - t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_b < \tilde{b} < b + t_{1-\alpha,n-2} \cdot s_b$$

Эгерде ишенимдүү интервалга нөл саны да кирсе, б.а. төмөнкү интервал терс, ал эми жогорку интервал оң болсо, анда бааланып жаткан параметрдин мааниси нөл деп кабыл алынат.

## Ийкемдүүлук коэффициенти

Экономикалык изилдөөлөрдө “ийкемдүүлук коэффициенти” (Э) деп аталган көрсөткүч кеңири колдонулушка ээ. Ал төмөнкү формула аркылуу эсептелинет:

$$Э = f'(x)\frac{x}{y}.$$

Сызыктуу регрессия үчүн ийкемдүүлүк коэффициенти: $Э = b\frac{x}{y}$ .

Ал $x$ өзгөрүлмөсүнөн көз каранды болгондуктан, $\overline{Э} = f'(\overline{x})\frac{\overline{x}}{\overline{y}} = b\frac{\overline{x}}{\overline{y}}.$ деп алабыз.

Ийкемдүүлүк орточо коэффициенти эмнени көрсөтөт: $x$ фактору өзүнүн номиналдык маанисинен 1%ке өзгөргөндө, $y$ жыйынтыктоочу өзгөрүлмөсүнүн мааниси канчалык өзгөрөөрүн көрсөтөт.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Кандай регрессияны татаал регрессия деп айтабыз?

2. Жуп регрессия менен татаал регрессиянын өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

3. Коллинеардуу өзгөрүлмөлөрдүн татаал регрессиянын моделин түзүүдөгү өзгөчөлүктөрүн айтып бергиле.

4. Татаал регрессия моделин изилдөөнүн алгоритмин түзгүлө.

**9-лекция.(2 саат)** ***Бир нече регрессиядагы түрдүү аспектилер.***

1. Бир нече регрессиядагы түрдүү аспектилер. Мультиколлинеардуулук.

2. Бир нече корреляция. “Эң кичинекей квадраттар” жалпыланган методу.

**10-лекция. (2 саат)** ***Регрессиялык моделдерде прогноздоо.***

1. Регрессиялык моделдерде прогноздоо.

2. Шартсыз прогноздоо.

3. Шарттуу прогноздоо.

4. Катаны эсепке алуу менен прогноздоо.

**11-лекция (2 саат)**

**Тема:** ***Бир өлчөмдүү убакыт катарларын моделдештирүү жана прогноздоо***

**Аннотация**. Бул тема бир өлчөмдүү убакыт катарларынын моделдерин түзүүнүн алгоритмин ачып көрсөтөт.

**Ачкыч сөздөр.** Тренд, сезондуу жана кокустук термелүүлөр, аддитивдик модель, мультипликативдик модель.

- Убакыт катарлары жөнүндө түшүнүк
- Убакыт катарларынын деңгээлдерин автокорреляциялоо
- аддитивдик жана мультипликативдик моделдер

**Сабактын жабдылышы.** Лекциянын конспектиси, презентация, тест.

**Убакыт катары** (динамиканын катары же динамикалык катар) деп, изилденүүчү процесстин же көрүнүштүн убакыттын белгилүү бир моменттериндеги же мезгилдериндеги өнүгүү деңгээлдерин мүнөздөгөн $\{(y_i, t_i), i = 1,2, \dots, n\}$ сандык көрсөткүчтөрдүн убакыт боюнча алынган иреттүү удаалаштыгын айтабыз.

Мисалы: Россия Федерациясынын ИДПсынын динамикасын карасак:

| | 2000-жыл | 2001-жыл | 2002-жыл | 2003-жыл | 2004-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| ИДП, млрд.руб. | 7305,6 | 8943,6 | 10834,2 | 13285,2 | 17048,1 |

$y_i$– катардын деңгээли, $t_i$ – байкоо жүргүзүүнүн моменттери же интервалдары.

Убакыт катарларын изилдөөнүн максаты, катардын деңгээлдеринин өзгөрүүсүнүн закон ченемдүүлүгүн аныктоо жана көрүнүштөрдүн ортосундагы өз-ара байланыштарды изилдөө жана прогноздоо максатында анын моделин түзүү болуп саналат.

Убакыт катарын экономикалык изилдөөдө ал үч түшүнүктүн (компоненттин) жардамында туюнтулуп алынат:

1) узак убакыттагы тенденциялар (tendo (латын сөзү) – направление развития определенного явления) (T), тенденция өсүүчү жана кемүүчү болушу мүмкүн,

2) мезгилдүү же циклдик термелүүлөр (S),

3) кокустук термелүүлөр (E).




1-сүрөт. Убакыт катары

1-сүрөттө жогоруда айтылган үч түшүнүктүн баарынын көзөмөлдөнүшү көрсөтүлгөн. Бул үч компонентти түрдүүчө бириктирүү менен түрдүү моделдерди алууга болот жана реалдуу берилгендер (данные) бул үч компонетти тең кармашы мүмкүн.

Экономикада мезгилдүү термелүүлөрдү *сезондуу* жана *циклдик* деп бөлүп кароого болот. Сезондуу термелүүлөрдө климаттык же социалдык-экономикалык себептердин негизинде пайда болгон бир жылдан ашпаган мезгилдүү термелүүлөр каралат. Ал эми циклдик термелүүлөрдө ишкердүүлүк активдүүлүгүнүн циклдери менен байланышкан бир нече жылдын термелүүсү каралат.

Моделди түзгөн компоненттердин ар биринин сандык туюнтулушун аныктоо – убакыт катарынын *эконометрикалык изилдөөсүнүн негизги максаты* болуп саналат.

Компоненттеринин суммасы көрүнүшүндө берилген убакыт катары – убакыт катарынын *аддитивдик модели* деп аталат: $y_t = T_t + S_t + e_t$.

Компоненттеринин көбөйтүндүсү көрүнүшүндө берилген убакыт катары – убакыт катарынын *мультипликативдик модели* деп аталат: $y_t = T_t * S_t * e_t$.

Моделди түзүүдөн мурун, алдын ала маалым болгон берилгендерди төмөнкү мазмунда изилдөө жүргүзүлөт:

1) бири-бири менен салыштыруу,

2) бир тектүүлүккө изилдөө,

3) туруктуулукка изилдөө,

4) жетиштүүлүккө изилдөө.

Алгач жалгыз убакыт катарын карайбыз жана бул катар жогорудагы үч компоненттин барын кармашы же ар бирин жалгыздап кармашы мүмкүн. Аны аныктоо максатында берилген убакыт катарын корреляцияга изилдейбиз. Убакыт катарынын удаалаш деңгээлдеринин ортосундагы корреляциялык көз карандылык *убакыт катарынын деңгээлдеринин автокорреляциясы* деп аталат жана ал төмөнкү формула боюнча эсептелинет:

$$r_\tau = \frac{\sum_{t=\tau+1}^{n}(y_t - \bar{y}_{1\tau})\cdot(y_{t-\tau} - \bar{y}_{2\tau})}{\sqrt{\sum_{t=\tau+1}^{n}(y_t - \bar{y}_{1\tau})^2 \cdot \sum_{t=\tau+1}^{n}(y_{t-\tau} - \bar{y}_{2\tau})^2}},$$

мында, $\tau$ – өзгөрүүнүн чоңдугу же лаг деп аталат жана автокорреляциянын тартибин аныктайт.

$$\bar{y}_{1\tau} = \frac{\sum_{t=\tau+1}^{n} y_t}{n-\tau}; \quad \bar{y}_{2\tau} = \frac{\sum_{t=\tau+1}^{n} y_{t-\tau}}{n-\tau}$$

$r(\tau)$ – автокорреляциянын функциясы, ал эми анын графиги *коррелограмма* деп аталат.

Бул жалпы формуладан жекече формулаларпды келтирели. Биринчи тартиптеги катардын деңгээлдеринин автокорреляция коэффициенти төмөнкүчө эсептелинет:

$$r_1 = \frac{\sum_{t=2}^{n}(y_t - \bar{y}_1)(y_{t-1} - \bar{y}_2)}{\sqrt{\sum_{t=2}^{n}(y_t - \bar{y}_1)^2 \sum_{t=2}^{n}(y_{t-1} - \bar{y}_2)^2,}}$$

мында, $\bar{y}_1 = \frac{\sum_{t=2}^{n} y_t}{n-1}$; $\bar{y}_2 = \frac{\sum_{t=2}^{n} y_{t-1}}{n-1}$;

Ушул эле сыяктуу экинчи тартиптеги автокорреляцияны да аныктоого болот:

$$r_2 = \frac{\sum_{t=3}^{n}(y_t - \bar{y}_3)(y_{t-2} - \bar{y}_4)}{\sqrt{\sum_{t=3}^{n}(y_t - \bar{y}_3)^2 \sum_{t=2}^{n}(y_{t-2} - \bar{y}_4)^2,}}$$

мында, $\bar{y}_3 = \frac{\sum_{t=3}^{n} y_t}{n-2}$; $\bar{y}_4 = \frac{\sum_{t=3}^{n} y_{t-2}}{n-2}$;

Автокорреляциянын коэффициенти эсептелинип жаткан мезгилдердин саны лаг (анг. сөзү-задержка) деп аталат.

Автокорреляциондук анализдин жардамында убакыт катарынын моделинин курамына жогоруда айтылган компонеттердин кайсынысы кире турганы аныкталат. Эгерде биринчи тартиптеги автокорреляциянын коэффициенти эң жогору болсо, анда изилденүүчү катар тенденцияны гана кармайт. Эгерде $m$ - тартиптеги автокорреляциянын коэффициенти эң жогору болсо, анда изилденүүчү катар циклдик термелүүлөрдү кармайт. Эгерде

автокорреляциянын бир да коэффициенти мааниге ээ эмес болсо, анда изилденүүчү катар тенденцияны жана циклдик термелүүлөрдү курамында кармабайт.

**1-маселе.** 16 квартал үчүн жашоочулардын электр энергиясын (квт.саат) пайдалануусунун таблицасы берилсин:

| t | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Yt | 6.0 | 4.4 | 5.0 | 9.0 | 7.2 | 4.8 | 6.0 | 10.0 | 8.0 | 5.6 | 6.4 | 11.0 | 9.0 | 6.6 | 7.0 | 10.8 |

Бул маанилерди график катарында төмөнкүчө сүрөттөп алууга болот:




Берилген убакыт катарынын автокорреляциялык функциясын аныктайбыз. Алгач, биринчи тартиптеги автокорреляция коэффициентин эсептейбиз:

$$\bar{y}_1 = \frac{4,4+5,0+9,0+...+10,8}{15} = 7,3867;$$

$$\bar{y}_2 = \frac{6,0+4,4+5,0+...+7,0}{15} = 7,0667.$$

Бул маанилердин жардамында төмөнкү жардамчы таблицаны түзүп алабыз:

| t | $y_t$ | $y_t - \bar{y}_1$ | $y_t - \bar{y}_2$ | $(y_t - \bar{y}_1)(y_{t-1} - \bar{y}_2)$ | $(y_t - \bar{y}_1)^2$ | $(y_t - \bar{y}_1)^2$ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6,0 | | -1,0667 | | | 1,137778 |
| 2 | 4,4 | -2,9867 | -2,6667 | 3,185778 | 8,920178 | 7,111111 |
| 3 | 5,0 | -2,3867 | -2,0667 | 6,364444 | 5,696178 | 4,271111 |
| 4 | 9,0 | 1,6133 | 1,9333 | -3,33422 | 2,602844 | 3,737778 |
| 5 | 7,2 | -0,1867 | 0,1333 | -0,36089 | 0,034844 | 0,017778 |
| 6 | 4,8 | -2,5867 | -2,2667 | -0,34489 | 6,690844 | 5,137778 |
| 7 | 6,0 | -1,3867 | -1,0667 | 3,143111 | 1,922844 | 1,137778 |
| 8 | 10,0 | 2,6133 | 2,9333 | -2,78756 | 6,829511 | 8,604444 |
| 9 | 8,0 | 0,6133 | 0,9333 | 1,799111 | 0,376178 | 0,871111 |
| 10 | 5,6 | -1,7867 | -1,4667 | -1,66756 | 3,192178 | 2,151111 |
| 11 | 6,4 | -0,9867 | -0,6667 | 1,447111 | 0,973511 | 0,444444 |
| 12 | 11,0 | 3,6133 | 3,9333 | -2,40889 | 13,05618 | 15,47111 |
| 13 | 9,0 | 1,6133 | 1,9333 | 6,345778 | 2,602844 | 3,737778 |
| 14 | 6,6 | -0,7867 | -0,4667 | -1,52089 | 0,618844 | 0,217778 |
| 15 | 7,0 | -0,3867 | -0,0667 | 0,180444 | 0,149511 | 0,004444 |
| 16 | 10,8 | 3,4133 | | -0,22756 | 11,65084 | |
| Итог | | | | 9,813333 | 65,3173 | 54,0533 |

Бул маанилердин жардамында биринчи тартиптеги автокорреляция коэффициентин эсептейбиз: $r_1 = 0.165154$.

Аналогиялык түрдө калган автокорреляция коэффициенттерин эсептейбиз:

| Лаг | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $r_t$ | 0,16515 | 0,56687 | 0,11355 | 0,98302 | 0,11871 | 0,72204 | 0,00336 | 0,97384 |




**коррелограмма**

Коррелограммадан көрүнүп тургандай, эң чоң корреляция коэффициентке төрткө барабар болгон лаг ээ. Демек, мезгили төрткө барабар болгон циклдик термелүү орун алды. Ал убакыт катарынын графигинде да байкалган.

Эгерде убакыт катарынын структурасын анализдөөдө тенденция гана табылса, б.а. циклдик термелүүлөр табылбаса, анда тенденцияны моделдөөгө киришебиз. Эгерде убакыт катарында циклдик термелүү да табылган болсо, анда баарынан мурун ушул циклдик термелүүлөрдү кыскартууга туура келет, андан кийин гана тенденцияны моделдөө керек.

Тенденцияны аныктоо деген бул катардын деңгээлинин убакыттан болгон көз карандылыгын мүнөздөөчү аналитикалык функцияны же трендди түзүү дегенди билдирет. Бул ыкма *убакыт катарынын аналитикалык теңдешүүсү* деп аталат.

Убакыттан болгон көз карандылык ар түрдү формаларга ээ болушу мүмкүн, ошондуктан аны формалдаштыруу үчүн ар түрдүү функциялар колдонулат:

- сызыктуу тренд: $\hat{y}_t = a + b * t$;
- гипербола: $\hat{y}_t = a + b/t$;
- экспоненциалдык тренд: $\hat{y}_t = e^{a+b*t}$ же $\hat{y}_t = a * b^t$;
- даражалуу тренд: $\hat{y}_t = a * t^b$;
- экинчи жана андан жогорку тартиптеги параболикалык тренд:

$$\hat{y}_t = a + b_1 * t + b_2 * t^2 + \cdots + b_k * t^k;$$

Бул тренддердин параметрлерин кадимки “Эң кичинекей квадраттар методунун” жардамында аныктоого болот, мында көз каранды эмес өзгөрүлмө катарында t=1,2,…,n убакытты, ал эми көз каранды өзгөрүлмө катары Yt убакыт катарынын чыныгы деңгээли

алынат. Сызыктуу эмес тренддер алдын ала сызыктууга келтирилип алынат. Тенденциянын тибин аныктоонун бир нече ыкмалары бар. Адатта, көбүнчө изилденүүчү процессти сапаттык анализдөнү, убакыт катарынын убакыттан болгон көз карандылыгынын графигин түзүү жана визуалдык анализдөөнү, динамиканын айрым негизги көрсөткүчтөрүн эсептөөнү колдонушат. Ушул эле максатка катардын деңгээлдеринин автокорреляциясынын коэффициенттерин да пайдаланууга болот.

Тенденциянын тибин аныктоону катардын берилген жана өзгөртүлгөн деңгээлдерине карата эсептелген биринчи тартиптеги автокорреляциянын коэффициенттерин салыштыруу аркылуу да жүргүзүүгө болот. Эгерде убакыт катары сызыктуу тенденцияга ээ болсо, анда анын Yt жана Yt-1 коңшу деңгээлдери тыгыз корреляцияланышат. Бул учурда берилген катарадын деңгээлдеринин биринчи тартиптеги автокорреляциясынын коэффициенти жогорку болушу зарыл. Эгерде убакыт катары сызыктуу эмес тенденцияны кармаса, мисалы экспонента формасындагы, анда берилген катардын деңгээлдеринин логарифм боюнча биринчи тартиптеги автокорреляциясынын коэффициенти катардын деңгээлдери боюнча эсептелинген тиешелүү коэффициентке караганда жогору болот. Изилденүүчү катарда сызыктуу эмес тенденция канчалык күчтүү болсо, көрсөтүлгөн коэффициенттердин маанилери ошончолук жогорку деңгээлде айырмаланышып калышат.

Эгерде катар сызыктуу эмес тенденцияны кармаса, анда эң мыкты теңдемени тандоодо компьютердин жардамында ар бир теңдеменин детерминациясынын коэффициенттерин аныктап, алардын ичинен мааниси чоң болгон коэффициентти аныктоону колдонууга болот.

Сезондук же циклдик термелүүнү кармаган убакыт катарын анализдөөдө эгерде термелүүнүн амплитудасы жакындаштырылган турактуу болсо, анда аддитивдик модель түзүлөт, эгерде сезондук термелүүнүн амплитудасы өсүүчү же кемүүчү болсо, анда мультипликативдик модель түзүлөт. Аддитивдик жана мультипликативдик моделдерди түзүүдө катардын ар бир деңгээли үчүн T, S жана E маанилерин табуу керек.

Моделди түзүү процесси төмөнкү кадамдарды өз ичине камтыйт:

1. берилген катарды салыштыру
2. S сезондук компонетинин маанисин эсептөө.
3. Катардын учурдагы деңгээлдеринен сезондук компонентти алып таштап, аддитивдик моделде (T+E) берилгендерин алуу, ал эми мультипликативдик моделде (T*E) берилгендерин алуу.
4. (T+E) же (T*E) деңгээлдерин аналитикалык теңдештирүү жана алынган тренддин теңдемесин пайдалануу менен T компонентинин маанисин эсептөө.
5. (T+S) же (T*S) маанилерин эсептөө.
6. Абсолюттук жана салыштырмалуу каталыктарды эсептөө.

**2-маселе.** **Убакыт катарынын аддитивдик моделин түзүү.** 1-маселеде каралган берилгендерди пайдаланабыз. 16 квартал үчүн жашоочулардын электр энергиясын (квт.саат) пайдалануусунун таблицасы берилсин:

| t | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Yt | 6.0 | 4.4 | 5.0 | 9.0 | 7.2 | 4.8 | 6.0 | 10.0 | 8.0 | 5.6 | 6.4 | 11.0 | 9.0 | 6.6 | 7.0 | 10.8 |

| Лаг | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| $r_t$ | 0,16515 | 0,56687 | 0,11355 | 0,98302 | 0,11871 | 0,72204 | 0,00336 | 0,97384 |







Графиктен көрүнгөндөй электр энергиясын колдонуу күзгү-кышкы мезгилде (1-жана 4-кварталдар) башка мезгилдерге караганда жогору, о.э. термелүүнүн амплитудасы жакындаштырылган туруктуу жана барабар. Бул болсо, аддитивдик моделдин болушун билдирет. Анын компонеттерин эсептейбиз.

**1-кадам.** Берилген катарды салыштыруу

Циклдик термелүүлөр 4 кварталда мезгилдүүлүккө ээ болгондуктан, катардын деңгээлдерин удаалаш түрдө ар бир 4 квартал үчүн убакыттын бир моментине жылуу менен суммалап чыгабыз жана электр энергиясын колдонуунун шарттуу жылдык көлөмүн аныктайбыз (1-таблицанын 3-колонкасы). Алынган сумманы 4кө бөлүп жылып туруучу

орточолорду (скользящие средние) табабыз (1-таблицанын 4-колонкасы). Ушундай түрдө алынган маанилер сезондук компоненттерди эми кармабай калат.

Жылып туруучу орточолор катардын коңшу 4 деңгээлин орточологондон кийин алынгандыктан, ал маани үчүнчү жана төртүнчү маанилердин арасында жайгашышы тийиш. Жылып туруучу орточолор берилген катар менен бирдей деңгээлде жайгашышы үчүн 4-колонкадагы коңшу эки деңгээлдин орточосун таап аларды борборлоштурулган жылып туруучу орточолор деп атап, 5-колонкага жайгаштырабыз, мындан катардын алгачкы 2 жана акыркы 2 маанилери жоголот.

Таблица 1.

| № квар-тала | Потреб-ление электро-энергии $y_t$ | Итого за четыре квартала | Скользящая средняя за четыре квартала | Центриро-ванная скользящая средняя | Оценка сезонной компонен-ты |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | 6,0 | | | | |
| 2 | 4,4 | | | | |
| 3 | 5,0 | 24,4 | 6,10 | 6,25 | -1,250 |
| 4 | 9,0 | 25,6 | 6,40 | 6,45 | 2,550 |
| 5 | 7,2 | 26,0 | 6,50 | 6,625 | 0,575 |
| 6 | 4,8 | 27,0 | 6,75 | 6,875 | -2,075 |
| 7 | 6,0 | 28,0 | 7,00 | 7,1 | -1,100 |
| 8 | 10,0 | 28,8 | 7,20 | 7,3 | 2,700 |
| 9 | 8,0 | 29,6 | 7,40 | 7,45 | 0,550 |
| 10 | 5,6 | 30,0 | 7,50 | 7,625 | -2,025 |
| 11 | 6,4 | 31,0 | 7,75 | 7,875 | -1,475 |
| 12 | 11,0 | 32,0 | 8,00 | 8,125 | 2,875 |
| 13 | 9,0 | 33,0 | 8,25 | 8,325 | 0,675 |
| 14 | 6,6 | 33,6 | 8,40 | 8,375 | -1,775 |
| 15 | 7,0 | 33,4 | 8,35 | | |
| 16 | 10,8 | | | | |

**2-кадам.** Сезондук компоненттердин баалоосун аныктайбыз, ал үчүн 1-таблицадагы 2-колонка менен 5-колонканын айырмасын таап аны 6-колонкага жайгаштырабыз. Ал маанилерди сезондук компоненттердин маанилерин эсептөөгө колдонобуз (2-таблица).

Таблица 2.

| Показатели | Год | № квартала, $i$ | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | I | II | III | IV |
| | 1 | - | - | -1,250 | 2,550 |
| | 2 | 0,575 | -2,075 | -1,100 | 2,700 |
| | 3 | 0,550 | -2,025 | -1,475 | 2,875 |
| | 4 | 0,675 | -1,775 | - | - |
| Итого за $i$ – й квартал (за все годы) | | 1,800 | -5,875 | -3,825 | 8,125 |
| Средняя оценка сезонной компоненты для $i$ – го квартала, $\overline{S}_i$ | | 0,600 | -1,958 | -1,275 | 2,708 |
| Скорректированная сезонная компонента, $S_i$ | | 0,581 | -1,977 | -1,294 | 2,690 |

Аддитивдик моделде бардык чекиттер боюнча сезондук компоненттердин маанилеринин суммасы нөлгө барабар болушу керек. Берилген модель үчүн сезондук компоненттердин орточо баалоосунун суммасы: 0,6-1,958-1,275+2,708=0,075.

Бул сумма нөлгө барабар эмес болуп калды, ошондуктан ар бир баалоону 0,075/4=0,01875 чоңдугуна азайтабыз, 2-таблицанын акыркы жолчосуна жазылды. Бул маанилердин суммасы нөлгө айланат: 0,581-1,977-1,294+2,690=0

**3-кадам.** Берилген убакыт катарынын ар бир деңгээлинен сезондук компоненттин маанилерин кемитүү аркылуу сезондук компонентти жоебуз. Анда T+E=Y-S чоңдугун алабыз. Бул маанилер убакыттын ар бир моментинде эсептелинип чыгылат жана тенденцияны гана жана кокустук компонентин кармайт (3-таблицанын 4-колонкасы).

Таблица 3.

| $t$ | $y_t$ | $S_t$ | $T+E=$ $y_t-S_i$ | $T$ | $T+S$ | $E=y_t-$ $-(T+S)$ | $E^2$ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 1 | 6,0 | 0,581 | 5,419 | 5,902 | 6,483 | -0,483 | 0,2332 |
| 2 | 4,4 | -1,977 | 6,377 | 6,088 | 4,111 | 0,289 | 0,0833 |
| 3 | 5,0 | -1,294 | 6,294 | 6,275 | 4,981 | 0,019 | 0,0004 |
| 4 | 9,0 | 2,69 | 6,310 | 6,461 | 9,151 | -0,151 | 0,0228 |
| 5 | 7,2 | 0,581 | 6,619 | 6,648 | 7,229 | -0,029 | 0,0008 |
| 6 | 4,8 | -1,977 | 6,777 | 6,834 | 4,857 | -0,057 | 0,0032 |
| 7 | 6,0 | -1,294 | 7,294 | 7,020 | 5,726 | 0,274 | 0,0749 |
| 8 | 10,0 | 2,69 | 7,310 | 7,207 | 9,897 | 0,103 | 0,0107 |
| 9 | 8,0 | 0,581 | 7,419 | 7,393 | 7,974 | 0,026 | 0,0007 |
| 10 | 5,6 | -1,977 | 7,577 | 7,580 | 5,603 | -0,003 | 0,0000 |
| 11 | 6,4 | -1,294 | 7,694 | 7,766 | 6,472 | -0,072 | 0,0052 |
| 12 | 11,0 | 2,69 | 8,310 | 7,952 | 10,642 | 0,358 | 0,1278 |
| 13 | 9,0 | 0,581 | 8,419 | 8,139 | 8,720 | 0,280 | 0,0785 |
| 14 | 6,6 | -1,977 | 8,577 | 8,325 | 6,348 | 0,252 | 0,0634 |
| 15 | 7,0 | -1,294 | 8,294 | 8,512 | 7,218 | -0,218 | 0,0474 |
| 16 | 10,8 | 2,69 | 8,110 | 8,698 | 11,388 | -0,588 | 0,3458 |

**4-кадам.** Берилген моделдин тренддик компонентин аныктайбыз. Ал үчүн (T+E) катарын T=5.715+0.186*t; R^2=0.91497 сызыктуу трендинин жардамында теңдештирүүнү жүргүзөбүз. Бул теңдемеге t=1,2,…,16 маанилерин коюп, убакыттын ар бир моменти үчүн T деңгээлдерин табабыз (3-таблица, 5-колонка).

**5-кадам.** Аддитивдик модель боюнча алынган катардын деңгээлдеринин маанилерин табабыз. Ал үчүн T деңгээлдерине сезондук компоненттин маанилерин кошобуз. Б.а. 3-таблицанын 5-колонкасына 3-колонканын маанилерин кошобуз, жыйынтыкты 6-колонкага жазабыз.

**6-кадам.** Аддитивдик моделди түзүүдө кетирилген каталыкты эсептөө үчүн E=Y-(T+S) формуласын колдонобуз. Бул абсолюттук ката. Абсолюттук катанын сандык маанилери 3-таблицанын 7-колонкасында келтирилген.

Регрессиялык моделдин сапатын баалоону жүргүзгөн сыяктуу эле аддитивдик моделди да текшерүү үчүн кетирилген абсолюттук каталардын квадраттарынын суммасын аныктайбыз жана ал 1,10 го барабар. Демек, аддитивдик модель 98,5%берилген убакыт катарын мүнөздөйт.

## Убакыт катарларынын тенденцияларын моделдештирүү

Убакыт катарларынын тенденцияларын моделдештирүү маселесинде алгач тенденциянын болушун текшерүү керек. Тенденциянын болушун текшерүүнүн методдорун карап үйрөнөбүз:

*Орточо маанини салыштыруу методу.* Бул метод аркылуу монотондуу тенденцияны аныктоо аткарылат. Мында убакыт катары эки барабар бөлүккө бөлүнөт: $y_1, y_2, \ldots, y_{n_1}$ жана $y_{n_1+1}, y_{n_1+2}, \ldots, y_{n=n_1+n_2}$. Биринчи бөлүктүн деңгээлинин саны *n1,* экинчисинин деңгээлинин саны *n2.* Ар бир бөлүк үчүн орточо маани $(\bar{y}_1, \bar{y}_2)$ жана тандалган дисперсиялар $(s_1^2, s_2^2)$ эсептелинет:

$$\tau = \frac{|\bar{y}_1 - \bar{y}_2|}{\sqrt{\frac{s_1^2}{n_1}} + \sqrt{\frac{s_2^2}{n_2}}},$$

Андан кийин Стьюденттин критерийинин маанилери табылат:

Эгерде $\tau > t_{1-\alpha,\, m}$, шарты аткарылса, анда моделде монотондуу тенденция бар деп кабыл алынат, $t_{1-\alpha,\, m}$ -Стьюденттин критерийинин таблицалык мааниси, $m = n_1 + n_2 - 2.$

*Фостре-Стюарттын методу.* Бул метод башка методдорго караганда бир топ так жыйынтыктарды берет жана универсалдуу болуп саналат. $y_i$ катарынын экинчи деңгээлинен баштап ар бир деңгээли үчүн эки маани тиешелештикке төмөнкү эреже менен коюлат: $p_i, q_i$:

$p_i = 1$, эгерде $y_i < y_1, y_2, \ldots, y_{i-1}$ болсо, б.а. $y_i$ бардык өзүнөн мурун келүүчү деңгээлдерден кичине болсо, $p_i = 0$ болот, эгерде карама-каршы учурда.

$q_i = 1$, эгерде $y_i > y_1, y_2, \ldots, y_{i-1}$ болсо, карама-каршы учурда $q_i = 0$ болот. Методдун жардамында статистика эсептелинет:

$$t_p = \frac{\sum_{i=2}^{n}(p_i - q_i)}{2\sum_{i=2}^{n}\frac{1}{i}}.$$

Эгерде $t_p > t_{1-\alpha,\, n-1}$ шарты аткарылса, анда моделде монотондуу тенденция бар деп кабыл алынат, $t_{1-\alpha,\, n-1}$ - Стьюденттин критерийинин таблицалык мааниси.

**Текшерүүчү суроолор:**

1. Убакыт катары деп эмнени айтабыз?
2. Убакыт катарынын деңгээли кандай негизги компоненттерден турат?
2. Убакыт катарынын эконометрикалык изилдөөсүнүн негизги максаты кандай?
3. Убакыт катарынын автокорреляциясынын коэффициенти кандай кызматты аткарат?
4. Мультипликативдик моделди түзүүнүн кадамдарын атайын маселеде түшүндүрүп берүү.